# Улуттук банктын ноталары

*(2012-жылдын ноябрь айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Ноябрь айында болуп өткөн Улуттук банктын ноталарынын төрт аукционунда жалпысынан 1,9 млрд. сом суммасына кагаздар жайгаштырылган, бул мурунку айдагы тиешелүү көрсөткүчтөн 19,1 пайызга төмөн. Ноябрь айы ичинде суроо-талаптын орточо аукциондук көлөмүнүн азайуусунун алкагында чогуу алгандагы суроо-талап көлөмү, октябрь айындагы 1042,2 млн. сомдон кароого алынган ай ичиндеги 916,7 млн. сомго чейин төмөндөгөн. Октябрь айындагыдай эле сатуунун жалпы көлөмүн жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталар түзгөн, алардын көпчүлүк бөлүгү сатуу түзүмүндө 85,2 пайыз жалпы үлүшү менен үч коммерциялык банк тарабынан сатылып алынган. Натыйжада, ноябрь айында сатуунун орточо аукциондук көлөмү[1] өткөн айдагы көрсөткүчкө салыштырганда 1,1 пайызга жогорулоо менен 475,0 млн. сом чегинде катталган. Кароого алынган мезгил ичинде эмитент тарабынан өткөрүлгөн аукциондордун көпчүлүгүндө ноталарга суроо талап көлөмү сунуш көлөмүнөн арткан, бул Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатынын максаттарына ылайык сентябрь айынын акыркы декадасындагы аукциондо 475,0 млн. сомго чейин жогорулатылгандыгынан улам жүргөн.

Ноябрь айында жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү менен сунушталган Улуттук банктын ноталарынын жалпы орточо салмактанган кирешелүүлүгү 0,6 пайыздык пунктка төмөндөө менен 3,2 пайызды түзгөн.

[1] Бул көрсөткүч ай ичинде суроо-талап/сунуш көлөмүнүн ордуна пайдаланылат, анткени ай ичинде өткөрүлгөн аукциондордун саны туруксуз чоңдук болуп саналат.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




Кароого алынган мезгил ичинде жүгүртүүдөгү ноталар көлөмү өткөн айдагы деңгээлде 1,9 млрд. сом чегинде, өзгөрүүсүз калган. Улуттук банктын ноталарынын негизги ээлеринен болуп саналган коммерциялык банктардын үлүшү юридикалык жактар-резиденттердин портфелинин салыштырма салмагынын бир эле учурда 7,7 пайыздан 7,3 пайызга чейин төмөндөөсүнүн алкагында 2,6 пайыздык пунктка, 86,3 пайызга чейин төмөндөгөн. Институционалдык инвесторлордун үлүшү 3,3 пайыздан 6,4 пайызга чейин жогорулаган. Жеке адамдар-резиденттердин салыштырма салмагы 0,1 пайыз чегинде бир аз гана төмөндөгөн.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**



**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.01.2012 | 1 366,4 | 1 065,3 | 78,0% | 19,4 | 1,4% | 0,2 | 0,0% | 281,5 | 20,6% |
| 01.02.2012 | 2 209,5 | 1 666,1 | 75,4% | 88,0 | 4,0% | 10,3 | 0,5% | 445,1 | 20,1% |
| 01.03.2012 | 2 313,0 | 1 527,6 | 66,0% | 162,9 | 7,0% | 1,1 | 0,0% | 621,5 | 26,9% |
| 01.04.2012 | 2 113,8 | 1 507,0 | 71,3% | 237,3 | 11,2% | 2,4 | 0,1% | 367,1 | 17,4% |
| 01.05.2012 | 2 072,4 | 1 424,6 | 68,7% | 224,5 | 10,8% | 2,3 | 0,1% | 421,0 | 20,3% |
| 01.06.2012 | 2 196,2 | 1 471,2 | 67,0% | 129,2 | 5,9% | 4,8 | 0,2% | 591,0 | 26,9% |
| 01.07.2012 | 2 063,9 | 1 477,8 | 71,6% | 341,7 | 16,6% | - | 0,0% | 244,3 | 11,8% |
| 01.08.2012 | 1 950,0 | 1 646,8 | 84,5% | 171,5 | 8,8% | 2,0 | 0,1% | 129,7 | 6,7% |
| 01.09.2012 | 1 494,4 | 780,3 | 52,2% | 588,9 | 39,4% | 2,0 | 0,1% | 123,2 | 8,2% |
| 01.10.2012 | 1 775,4 | 1 492,2 | 84,0% | 218,4 | 12,3% | 2,0 | 0,1% | 62,8 | 3,5% |
| 01.11.2012 | 1 900,0 | 1 689,7 | 88,9% | 146,1 | 7,7% | 1,3 | 0,1% | 62,9 | 3,3% |
| 01.12.2012 | 1 900,0 | 1 640,0 | 86,3% | 139,0 | 7,3% | - | 0,0% | 121,0 | 6,4% |
| 01.01.2013 | 3 050,0 | 3 006,4 | 98,6% | 13,5 | 0,4% | - | 0,0% | 30,1 | 1,0% |